ЖАЛАЛ – АБАД ОБЛУСУ

НООКЕН РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

# Кылмыштуулук, рекеттик, зордук зомбулукка каршы иш пландар

№10 К.АБДЫРАЗАКОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИНИН УЮШТУРУУЧУСУ ОРОЗАЛИЕВА ГҮЛГҮНАЙ МАХАМАДОМОРОВНА

БЕКИТЕМИН
Мектеп директор
У.А.Токтогулова

**№10 К.Абдыразаков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин уюштуруучусу Орозалиева Гүлгүнай Махамадоморовнанын кылмыштуулукту алдын алуу боюнча аткарыла турган иш чаралардын планы.**

| № | Иш чаранын аталышы | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Кылмыш жана кылмыштуулук тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Жыл ичи | Уюштуруучу<br>Класс жетекчи |
| 2 | Кылмыштуулукту алдын алуу тууралуу тарбиялык сааттардын өтүлүшүн көзөмөлдөө | Жыл ичи | Уюштуруучу<br>Класс жетекчи |
| 3 | Мектептеги рекетчилик жана алдын алуу тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, тарбиялык сааттардын өтүлүшүн көзөмөлдөө | Жыл ичи | Уюштуруучу<br>Класс жетекчи |
| 4 | Уурулук жана башка кылмышты алуу тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, тарбиялык сааттардын өтүлүшүн көзөмөлдөө | Жыл ичи | Уюштуруучу<br>Класс жетекчи |
| 5 | “Сенин укугун жана милдеттерин” темасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, тарбиялык сааттардын өтүлүшүн көзөмөлдөө | Жыл ичи | Уюштуруучу<br>Класс жетекчи |
| 6 | Укук коргоо органдарынын кызматкерлери менен жолугушуу уюштуруу | Жыл ичи | Уюштуруучу<br>Класс жетекчи |
| 7 | Тарбиясы оор жана ИДНдин каттоосунда турган окуучулар менен жекече иштөө. | Жыл ичи | Уюштуруучу<br>Соц педагог |
| 8 | Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча дебат, диспут жана жолугушуу кечелерин уюштуруу | Жыл ичи | Уюштуруучу<br>Соц педагог |

**Даярдаган :** **Орозалиева Г.М.**

*“Тарбия – бул, жашоо эрежелерин үйрөтүү, билим - таалим-тарбиянын куралы”*

*“Жакшы сүйлөп, жакшы нерсе кыла берсең жаман да жакшы болот. Жаман сүйлөп, жаман нерсе кыла берсең жакшы да жаман болот”*


*“Мугалим-мөмөлүү дарак аталып,*
*Жаш муунга билим кенин түптөгөн.*
*Мугалим ата-энеден бата алып,*
*Ар бир жанды келекчекке үндөгөн”*

**№10 К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектебинде билим менен тарбияны айкалыштуруу максатында**

# *«Кылмыштуулук деп эмнени түшүнөм»*

**деген темада өткөрүлүп жаткан тегерек столдун**

## П Р О Г Р А М М А С Ы:



№ 10К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде билим менен тарбияны айкалыштыруу максатында

# «Кылмыштуулук деп эмнени түшүнөм»

деген темада өткөрүлүп жаткан тегерек столдун

## П Р О Г Р А М М А С Ы:

1. *саат:9:00-9:50*
   - *Меймандарды тосуп алуу, каттоо;*

   *Мырзалиева А Сатвалдиева Д*
2. *саат:10:00-10:05*
   - *«Тарбия башаты – үй-бүлө» талкуу;*

   *(5 мин)*
3. *саат:10:05-10:10*
   - *Тегерек столдун ачылышы;*

   *уюштуруучу: Орозалиева Г (5мин)*
4. *саат: 10:15-10:25*

   *"Өспүрүмдөрдө таза ой, туура ынанымды калыптандыруу" сахналаштырылган көрүнүш;*

   *8-9-класстар (10 мин)*
5. *саат: 10:25-10:30*
   - *Жаштарды сергек жашоого үндөө "Кылмыштуулук деп эмнени түшүнөм" (видео тасма)*

   *(5 мин)*
6. *саат: 10:30-10:40*
   - *Окуучулар арасында талкуу . Хасанова М (10 мин)*
7. *саат:10:40-10:45*
   - *Окуучулардын укук жана милдеттери менен тааныштыруу.*

   *Прокуратура өкүлү (5 мин)*
8. *саат: 10:40-10:45*
   - *"Кылмыштын арты жаза"темасында маектешүү.*

   *ИДН кызматкери: Таалайбек уулу Т. (10 мин)*
9. *саат: 10:45-10:50*
   - *"COVID-19 жана пневмония" ооруларын алдын алуу жана окуучулардын ден-соолугун чыңдоо максатында маектешүү.*


   *Айылдык ҮДТнун медайымы: Касымалиева А. (5 мин)*
10. *саат: 10:50– 10:55*
    - *«Туура эмес жүрүм турумдун келип чыгуу» себептери*

    *Соц.адис: Тилебалдиева С. (5 мин)*
11. *саат: 10:55 -11:00*

    *«Адептүүлүк – адам көркү»*

    *Айылдык мечиттин имамы: Мырзалиев С. (5 мин)*
12. *саат: 11:00*

    *-Тегерек столду жыйынтыктоо;*



***«Жакшы өмүр сүргүң келсе, жакшы адам изде, Жакшы адам тапкың келсе, өзүңдү түздө»***

***№ 10 К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектебинин окуучуларынын арасында укук бузуулардын, кылмыштуулук , зордук – зомбулуктун алдын алуу максатында «Кылмыштуулук деп эмнени түшүнөм ?» темасында өткөрүлө турган тегерек столдун***

***Сценарийи***

***Максаты:*** *Окуучулар арасында учурап жаткан түрдүү укук бузуулардын алдын алуу, убакыттан үнөмдүү пайдаланып жакшы окуп,жакшы жашоого умтулуу керектигин түшүндүрүү.*

***1.Уюштуруу:***

** Катышуучуларды азыркы пандемияга байланыштуу коопсуздугун коргоо максатында санитардык эрежелерди сактап кирүүсүн көзөмөлдөө.*

***2.Негизги бөлүм: Алып баруучу:*** Орозалиева Г. М.

*Саламатсыздарбы, урматтуу бүгүнкү иш чаранын катышуучулары! Кадырлуу келген коноктор жана окуучулар! Мына бүгүн биздин коомдун алдында турган эң актуалдуу кыйынчылыктардын бири окуучулар арасында укук бузуулардын, кылмыштуулук , зордук –зомбулуктун алдын алуу максатында «Кылмыштуулук деп эмнени түшүнөм ?» темасында тегерек стол өткөрүлүп жатат.*

***Бүгүнкү иш чаранын максаты:*** *Окуучулар арасында учурап жаткан түрдүү укук бузуулардын алдын алуу,убакыттан үнөмдүү пайдаланып жакшы окуп,жакшы жашоого умтулуу керектигин түшүндүрүү.Иш чарада аткарыла турган иштин мазмуну менен колуңардагы программа аркылуу кыскача таанышып чыктыңар.Бүгүнкү иш чарага биздин кадырлуу конокторубуз келип катышып отурат.Анда эмесе уруксатыңар менен аларды тааныштырып өтсөм.*

*1.Укук коргоо кызматкери( прокуратура):*________________________

2 .ИДН башчысы: Милициянын лейтенанты Таалайбек уулу Тилекбек

3.Мед кызматкер: Касымалиева Асель

4.Дин өкүлү: Мырзалиев Саипжан

5.Ата-энелер комитети мүчөлөрү: Сайпидинов Жоробек

6.Соц адис: Умаров Эльбек, Тилебалдиева Санталат

Бир сөз бар жакшы деген кууса жетпес,

Бир сөз бар жаман деген жууса кетпес.

Жакшылыкка умтулган жаш өспүрүм,

Өмүр өтсө, жашоонду кайра бербес

деген сыяктуу өз кезегинде белгилей кетчү нерсе жалпы эле жашы жете элек учур өспүрүм курак – инсандын татаал өсүү мезгили.Ушул учурда көпчүлүк балдар –кыздарыбыз туура эмес жолдорго барып ,улуулардын айткан сөздөрүн укпай,көптөгөн адепсиз кыймыл аракеттерди жасап жатышат.Бул учур өтө тез өткөнүнө карабастан,ар бир инсандын андан аркы тагдырын чечет. Кылмыштуулук ар түрдүү себептерден келип чыгат.Бул көйгөйдү чогулуп чечип,чогуу жеңсек деген ойдобуз.

Анда эмесе окуучулар сиздер менен кылмыштулук деген сөздүн маанисинде кандай түшүнүктөр бар экендигин талдасак;

- Кылмыштуулук эмнеден башталат?
- Ээн баштык, сабактан качуу, сабакка кечигип келүү, тамеки тартуу, алкоголизм, уурулук, кек саноо, өч алуу ж. б.

Ушул сапаттардан улам өспүрүмдөр туура эмес кадамдарга барып, кылмыштуулукка жол ачышат. Ошондой эле окуучулар тарабынан тартылган сүрөттөргө көңүл буруп, кандай аракеттер чагылдырылганын талдап көрсөк. Сүрөттөр боюнча талкуу жүрөт.

Демек балдардын бош убактыларын туура пайдаланбасак, алар сырткы таасирлерге тез берилип жатышат.

Ойлобой кылсаң тартасын,

Туура эмес иштин азабын.

Айтканын угуп акылын,

Абийирдүү болуп жашагын демекчимин

Анда эмесе көңүлүңүздөрдү дагы бир кылмыштуулуктун жана зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында окуучулар өздөрү даярдаган "Сергек жашоо мезгил талабы" видеороликтине бурабыз.

Видеоролик тасмада коюлат.

Урматтуу окуучулар ,кадырлуу коноктор видеотасманы көрүп кандай жыйынтыкка келдиңер?

Окуучулар жана келген коноктор өз пикирин билдиришет жана видеотасма боюнча талкуу жүргүзүшөт.

**Алып баруучу:**

"Майда кылмышты жазаласаң,чоң кылмышты алдын аласың" Кылмыштуулук деген эмне? Кылмыштуулук деген бул бирөөгө зыян келтирүү коомго туура эмес мамиледе болуу . Анда эмесе назарыңыздарды окуучулар тарабынан даярдалган көрүнүшкө бурмакчыбыз

"Бир күн туз таткан жериңе, миң күн салам" деген макдын тегерегинде сахна көрүнүшү боюнча ой пикирлериңиздерди угабыз.

Катышуучулар сахна көрүнүшү боюнча талкуу жүргүзүшөт.

- Баланын кылмыштуулукка барбашына эмне себеп болду?
- Туз таткан жердин ыйыктыгы, туулган жердин ыйыктыгы, элибиздин накыл сөздөрүнүн улуулугу, баланы бул жолдон кайтарды.

Көрдүңөрбү балдар туз акы канчалуу улуу экендигин, бул баладан өрнөк алышыбыз керек.

**Алып баруучу:**

"Жакшы болгон баланын атасы жаман болсо да төрдө отуруп сый табат,жаман болгон баланын атасы жакшы болсо да төө үстүндө ит кабат " дегендей ата-энелерибизди төрүдө отургузуп, сый көрүшүнө өзүбүздүн салымыбызды кошолу.

Кезектеги сөздү укук коргоо кызматкери____________________________берсек.

Катышуучулар өздөрүнүн кызыктырган суроолорун беришет.

**Алып баруучу :**

Анда эмесе көңүлүңүздөрдү дагы бир кылмыштуулуктун жана зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында окуучулар өздөрү даярдаган “Сергек жашоо мезгил талабы” видеороликине бурабыз.

Видеоролик тасмада коюлат.

Урматтуу окуучулар ,кадырлуу коноктор видеотасманы көрүп кандай жыйынтыкка келдиңер?

Окуучулар жана келген коноктор өз пикирин билдиришет жана видеотасма боюнча талкуу жүргүзүшөт.

**Алып баруучу:**

“Майда кылмышты жазаласаң,чоң кылмышты алдын аласың” Кылмыштуулук деген эмне? Кылмыштуулук деген бул бирөөгө зыян келтирүү коомго туура эмес мамиледе болуу . Анда эмесе назарыңыздарды окуучулар тарабынан даярдалган көрүнүшкө бурмакчыбыз

“Бир күн туз таткан жериңе, миң күн салам” деген маклдын тегерегинде сахна көрүнүшү боюнча ой пикирлериңиздерди угабыз.

Катышуучулар сахна көрүнүшү боюнча талкуу жүргүзүшөт.

- Баланын кылмыштуулукка барбашына эмне себеп болду?
- Туз таткан жердин ыйыктыгы, туулган жердин ыйыктыгы, элибиздин накыл сөздөрүнүн улуулугу, баланы бул жолдон кайтарды.

Көрдүңөрбү балдар туз акы канчалуу улуу экендигин, бул баладан өрнөк алышыбыз керек.

**Алып баруучу:**

“Жакшы болгон баланын атасы жаман болсо да төрдө отуруп сый табат,жаман болгон баланын атасы жакшы болсо да төө үстүндө ит кабат “ дегендей ата-энелерибизди төрүдө отургузуп, сый көрүшүнө өзүбүздүн салымыбызды кошолу.

Кезектеги сөздү укук коргоо кызматкери______________________________берсек.

Катышуучулар өздөрүнүн кызыктырган суроолорун беришет.

**Алып баруучу :**

“Өсөрүбүз да,өчөрүбүз да тарбиядан” дегендей элибиз илгертеден эле балдарды тарбиялоодо өзгөчө көңүл буруп,кылымдарды карыткан акыл-насааттарын айтып келишкен.

Сөз кезегин ИДН башчысы ________________________________берсек

Катышуучулар өздөрүнүн кызыктырган суроолорун беришет.

“Дени сактын , дили сак” дегендей өзүбүздүн ден-соолугубуз үчүн өзүбүз кам көрүшүбүз керек. Сөз кезегин медицина кызматкери ______________________берсек.

Катышуучулар өздөрүнүн кызыктырган суроолорун беришет.

**Алып баруучу :**

“Тарбия жашоо эмес ,жашоонун өзү тарбия”, "Зомбулуксуз жашоо" дегендей тарбия боюнча акыл сөздөрүн айту үчүн сөз кезегин дин өкүлү_______________________________ берсек

Катышуучулар өздөрүнүн кызыктырган суроолорун беришет.

**Алып баруучу :**

Тарбия үй-бүлөөдөн башталат.Бала уяда эмнени көрсө учканда ошону аткарат. Үй –бүлөөдөгү жана коомдогу зордук зомбулук , бала тарбиясы жөнүндө сөз кезегин ата-энелер комитетинин мүчөсү _____________________________ берсек.

Катышуучулар өздөрүнүн кызыктырган суроолорун беришет.

**3.Жыйынтыктоо: Алып баруучу :**

**Улуу даанышманд Конфуций айткандай :”Чалынып жыгылбаган эрдик эмес,жыгылган сайын туруп кеткен эрдик” .**

**“Чындыгында жашоо жөнөкөй нерсе,биз аны өзүбүз чоң аракет менен татаалдантып алабыз”.**

**“Эгерде максатыңа жете албасыңа көзүң жетсе,максатыңды эмес ,ага жетүү үчүн бара турган жолду өзгөрт”**

**Ушуну менен бүгүнкү иш чарабыз аягына жетти.Келип катышып бергендериңиз үчүн чоң ырахмат!**